DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Анарбаева Д.М., Бакирова Э.У.*

# ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАНЫН МААНИСИ

*Анарбаева Д.М., Бакирова Э.У.*

# ЗНАЧЕНИЕ ИНТЕРАКТИВНОГО МЕТОДА

*D.M. Anarbaeva, E.U. Bakirova*

# MEANING OF IMPORTANCE METHOD

*УДК: 8.882*

*Макалада окутуу процесси студенттердин тажрыйбаларын калыптандыруу көз карашы тууралу баяндалат. Тажрыйбаларды калыптандырууда окутуунун академиялык моделинин оң жана терс жактары сүрөттөлөт. Тажрыйба аркылуу окутуу моделинин эффективдүү экендигин далилдөөчү эксперименталдык иштердин жыйынтыктары жөнүндө да сөз болот. Мындагы андай турган эн башкы нерсе - маселени чечүү процесси анын жообундай эле мааниге ээ, атүгүл кээде андан да маанилүү экендиги. Себеби интерактивдүү усулду колдоонудагы биздин максат студенттерге маалымат берүү эле эмес, алардын муну өз алдынча таба билүү көндөмдөрүн да калыптандыруу болуп саналат. Көп өлкөлөрдөгү адамдар кандайдыр бир маселелерди чечүү зарыл болуп калганда, өкмөттүн жардамын күтүп отура бербестен өздөрү чогуу аракеттенүүгө тийиш экендигин жакшы түшүнүшөт. Демилгени колго алуу менен алар жарандык коомдун турмушуна активдүү катышат. Демократиянын ургалдуу өнүгүшү жана иштеп кетиши үчүн эн эле зарыл факторлордун бири – бул жарандык коомдун активдүүлүгү.*

***Негизги сөздөр:*** *окутуучу, билим, окутуунун формасы, окутуу процесси, интерактивдүү ыкма, ишмердүүлүк, кырдаал, максат.*

*В данной статье рассказывается процесс обучения с точки зрения качества формирования опыта студентов. В процессе формировании через опыт описывается положительные и отрицательные стороны академического модели обучения. Наряду с этим идет речь, о результате экспериментальной работы по формированию эффективной модели обучения. Самое главное наблюдательное здесь – значимое процесс решение проблем. Ведь, главная цель в использовании интерактивного метода не только дать информации студентам, но и самостоятельно формировать навыки. Во многих странах люди понимают, что при необходимости решить какую-либо проблему им самим следует собраться вместе и что-то сделать своими усилиями, а не ждать какой-то помощи от правительства. Взяв инициативу в свои руки, они участвуют в деятельности гражданского общества. Одним из наиболее важных факторов успешного развития и функционирования демократии является активное гражданское общество.*

***Ключевые слова:*** *преподаватель, знание, форма обучения, процесс обучения, интерактивный метод, деятельность, ситуация, цель.*

*This article describes the learning process in terms of quality of the formation of students' experience. In the process of formation through experience, the positive and negative aspects of the academic learning model are described. Along with this, we are talking about the results of experimental work on the formation of an effective learning model. Most importantly observational – there is a meaningful problem- solving process. After all, the main goal in using the interactive method is not only to provide information to students, but also to independently form skills. In many countries, people understand that if it is necessary to solve any problem, they themselves should get together and do something with their own efforts and not wait for some kind of help from the government. Taking the initiative into their own hands, they participate in the activities of civil society. One of the most important factors for the successful development and functionary of democracy is an active civil society.*

***Key words:*** *teacher, form of education, learning process, interactive method, activity, situation, aim.*

- Мугалимдер ак пейил, сезимтал болуш керек. Азыркы учурда советтик доорго караганда мугалим өтө сезимтал болушу керек. Эмне дегенде биз энесин сагынган балдарды, ата-энеси ажырашкандарды, тамакка ток келген балдар менен ток келбеген балдарды окутабыз. Ар түрдүү сабактын ар түрдүү формаларын колдоно билиш керек. Сүйлөй ала турган, уга турган, консенсуска келе турган, чыдамкай, атаандаштыкка муюй турган, мейли математика, физика, химия бардык предметти окутсун, бирок инсандык сапаттарды калыптандырып өтүп турушу керек. Академиялык билим берип окутуп жатып турмушка даярдаш керек. Азыр мектепке же окуу жайга ушундай окутуучулар керек. Анан сабакка киргенде жеке проблемалар, көйгөйлөр унутулуп, сабакка окутуучу катары гана кирип, баланы ойготуп турушу зарыл. Мисалы, кечээ беш бала жакшы түшүнсө, бүгүн жыйырма бала жакшы түшүндү деп аракет кылыш керек.

Биз окуткан балдар билимдүү болсо, коом да ошончолук бекем болот. "Дарак жемиши, адам иши менен нарктуу" дегендей, окутуучу – өнөр ээси, тарбиячы ата-эне, чыгармачыл адам жана студенттин ой жүгүртүүсүн жандантып, окууга болгон умтулуусун ойготуп, аны келечекте жакшы адам болуп калыптанышына күзгү болуп туруш керек. Студенттин "саламатсызбы?" деп учурашканы окутуучунун жан дүйнөсүн нурлантат. Албетте, жугумдуу билим бериш үчүн бекем эрк, предметин мыкты билген, билимдүү, ой чабыты кенен болсо студенттери жашоого, турмушка туура тарбияланат. Билим сапатынын ачкычы окутуучунун колунда деп айтышат. А бирок коомдогу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



көйгөйлөр көмүскөдө калып жатпайбы. Мисалы, билим сапатынын төмөндүгү бир нече факторлорго байланыштуу. Алар: студенттин ден соолугунун чың болушуна күнүмдүк тамак-ашка керектүү витаминдер менен азыктанбагандары; кээ бир ата-энелердин аракка берилүүсү; ата-энелердин күн-түн (2 сменде) иштегени, балдарына көңүл буруунун жоктугу; айрым студенттентер ата-энелери менен базарда соода-сатык кылышы; ата-энелердин чет өлкөлөргө иштөөгө кетиши (балдарын туугандарына калтыруусу); мектепке чейинки бала-бакчалардын аздыгы; педагог адистердин, окуу китептердин жетишпегендиги; айрым ата-энелердин динге берилиши менен өз балдарын дагы медресеге бериши; ата-эненин баланын билим алуусуна көңүл коштугу. Коомдогу ушундай көйгөйлөр студенттин билим-тарбия алуусун төмөндөтөт. Бир эле менин эмес, бардык окутуучулардын жүрөгүн ооруткан бул маселелер үй-бүлөбүздү унуттуруп, өз балдарыбызга жеткиликтүү көңүл бөлбөгөнгө алып келгени мени өкүндүрөт. Мейли конокто отуралы, мейли театрга баралы жүрөгүбүздө мектептеги окуучулардын жана студенттердин түйшүгү тынч отургузбайт. Ата-энелердин жоопкерчилигин күчөткөн мыйзамды тезинен кабыл алуу керек. Же болбосо окуучу үй-бүлөлүк шарт боюнча өз жанын кыйса дагы окутуучу, мектеп же окуу жай күнөөлүү, окуучу же студент мектептен же окуу жайдан чыккандан кийин тентек кылса дагы биз күнөөлүбүз. Биздин күн-түн сабакка даярданып, жаш муундарга билим, тарбия берели дегенибиз үчүн күнөөлүбүзбү?.. Ошондуктан ар бир ата-эне, окуучу же студент советтик мезгилдегидей мугалимди сыйлап, урматтаганга жетишсе жакшы болмок.

Окутуучу окуу процессин уюштуруп, анын жүрүшүнө жетекчилик да, контролдук да кылат. Ошого карабастан окутууну биз толугу менен башкарылуучу процесс дей албайбыз. Анткени башкарылуучу окутуу деп ар бир окуучунун же студенттин алга жылышынын ар бир кадамы окутуучу тарабынан дайыма толук контролдукка алынып турган окутууну, жумуштун ар кандай этабында ар бир студент материалды кандай өздөштүрүп кабыл алып жаткандыгы жөнүндөгү маалыматтарды окутуучу тынымсыз билип тура турган окутууну, улам кийинки материал мурдагы материалдын кандайча өздөштүрүлгөндүгүнө жараша берилип тура турган окутууну айтабыз. Ал эми окутуунун адаттагы практикасында болсо окутуучу сабактын каалаган учурунда ар бир студенттин материалды өздөштүрүү процессин, анын акылынын өнүгүү жолун контролдукка ала албайт. Мына ушунун өзү традициялык окутуунун негизги кемчилдиги болуп эсептелет. Материалды студенттер канчалык даражада түшүнүп кабыл алып жаткандыгы жөнүндө окутуучу жалпы гана болжолдуу маалыматтарды студенттердин оозеки же жазуу жүзүндөгү жоопторунан ала алат. Ошондуктан окутуучу сабакты өтүүнүн темпин, эреже катары кандайдыр бир орточо окуучуга же студентке же студентке тууралап гана уюштурат да ар бир студенттин өзгөчөлүгүн эсепке ала албай калат. Дал мына ушул мааниде биз окутуучу окутуу процессин толук башкара албайт дейбиз. Ошондуктан ушул мааниде традициялык окутууну биз башкарылуучу процесс боло албайт деп билебиз.

Чынында эле, эгерде окутуу процессинде окутуучу тигил же бул студенттин материалды туура же туура эмес түшүнүп жатканын, же такыр эле түшүнбөй жатканын, анын кандай суроолору келип чыгып жатканын билбесе, анда ал муктаж болгон окуучуга же студентке ошол замат зарыл жардам көрсөтө албайт. Демек, окуу процесси анын башкаруусунда болбой калат. Эгерде окуучу же студент улам мурдагы материалды жакшы өздөштүрүп түшүнбөсө, анда ал андан кийинки материалды оңой менен түшүнө албайт. Ошондуктан окутуу процессинде окутуучунун түшүндүрүп жаткан материалын түшүнбөй калуучу бир дагы студент болбоого тийиш, бардык окуучу же студент улам жаңы материалды өздөштүрүп кабыл алууга толук даяр болуусу зарыл. Ошондо гана биз студенттерге терең жана бекем билим бере алабыз, ошондо гана сабакка болгон кызыгууларын жана машыгууларын жогорулата алабыз.

Окутууну толук башкарылуучу процесске айландыруунун ишенимдүү жолунун бири программаланган окутуу болуп эсептелет. Программаланган окутуунун кадимки окутуудан кандайча айырмалана тургандыгын ачык элестетүү үчүн окуу процессин ага катышуучулар тарабынан эки жактуу процесс катары карап көрүүгө туура келет.

1. окутат, билим берет, (окутуучу),

2. окуйт, билим алат (студент). Булар окуу процессинин эки звеносун түзүшөт.

Азыркы күндөгү билим берүү процессинде инновациячыл окутуучунун ишмердүүлүгү башкы орунда турат. Прогрессивдүү коомдун өнүгүшүндөгү окутуучунун жаңы технологиялар менен окутуусу, ишке болгон жогорку чыгармачыл жөндөмдүүлүгү, билиминин жогорку деңгээли, жанычыл көз карашы, окутуудагы жана тарбиялоодогу алдынкы тажрыйбасы, коммуникативдик, маалымат технологияларды жогорку денгээлде өздөштүрүүсү, окуу процессин жаны чыгармачыл багыттар менен уюштурушу аркылуу инновациялык ишмердүүлүгү көрүнөт. Окутуу-тарбиялоо процессинде колдонулган методикалар жана аларды колдонуу ыкмалары, алардын мааниси,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



түрлөрү тууралуу педагогика илиминде окумуштуулардын бир катар теориялык аныктамалары белгилүү. Азыркы учурда бизге тааныш салттуу методдор менен интерактивдүү методдордун окутуу процессинде колдонуудагы берген натыйжасы алгылыктуу болуп келет. Прогрессивдүү коомдогу педагогика тармагына чет элдик педагогикалык ойлордун келип кириши да маанилүү. «Чыныгы окутуучу пландоо, үйрөтүү-үйрөнүү процессинде окуучунун көптөгөн талаптарын эске алуу менен, окууда каалаган өзгөрүүлөрдү жарата алат. Эң маанилүүсү – окуучу же студент «өмүр бою» үйрөнүүнүн маанисин түшүнөт. Коомдо ийгиликке жете алуунун, күрөшө билүүнүн жана илгерилей алуунун жалгыз жолу - окууну иш жүзүнө ашыра билүү экендигин аңдайт. Анык окутуучу окуучуну же студентти аракеттеринде адат болуп калуучу жана каалаган өзгөрүүлөрдүн жүзөгө ашышы үчүн керектүү болгон процессти иш борборуна коёт», – деп жазышат түрк педагогдору Сервет Өздемир жана Х.Ибрахим Ялын.

Демек, окутуу процесси кызыктуу болушу үчүн илимге таандык окуу материалдарын элестүү, сезимтал кабыл алдырып оң мээни активдештиришибиз керек экен. Тилекке каршы, бардык эле окутуучулар мындай окутуунун маңыз-мазмунун биле беришпейт. Биз көбүнчө сол мээни же рационалдык таанып билүүнү иштетүүгө багытталган иш-чараларды жүргүзө беребиз. Ошол себептүү сабак суз, кызыксыз болуп калгандыгын аңдап түшүнө бербейбиз. «Билим берүү - бул инсандын өз өмүрүнүн агымы, активдүү аракети аркылуу жашоо үчүн зарыл жана жетиштүү билимдерди жана жүрүм-турумдарды, көндүмдөрдү өздөштүрүү процесси. Билим берүүнүн өзөк мазмунун өздөштүрүлүүчү жүрүш-туруш ишмердүүлүк түшүнүктөрү түзөт. Адам баласы өмүр бою түрдүү ишмердүүлүк тажрыйбасын үзгүлтүксүз өздөштүрүү аракетинде болот. Аларды төмөнкүдөй үч тармакка бөлүп кароого болот:

- таанымдык тармак (маалымат иштетүү менен байланыштуу акыл-эс же ойлом ишмердүүлүгү);
- туюмдук тармак (жекече-кулк мүнөз, ышкы, жугумдуу же сүймөнчүк болуу, чөйрөнү таза сактоо ж.б. менен байланыштуу көндүмдөр);
- кыймылчыл же психомотордук тармак (шыкжөндөм жана курал-жабдыктарды колдонуу, музыкалык аспапта ойноо, чабандестик, уздук, устачылыкка байланыштуу ишмердүүлүк).

Өлкөбүздө билим берүү жаатында мезгил талабына ылайык окуу процессинде инновациялоо маселелери алгылыктуу жолго коюлган. Демократиянын шарданы билим берүү тармагына да чоң таасирин тийгизди. Мектептерде, жогорку окуу жайларында интерактивдүү методдор пайда болду. Ар бир жаңы иштин өз түйшүгү, түшүнбөстүгү болбой койбойт. Анын сыңарындай интерактивдик методдордун дагы билим берүү системасына сиңип кетиши оңойго турган жок. Салттуу окутуу процесси менен жаңы технологиялардан болуп эсептелген интерактивдүү методду айкалыштырып, билим берүүнүн сапатын жогорулатууну республикабыздын алдыңкы мугалимдери ишке ашырып жатат. Интерактивдүү методдор өнүккөн өлкөлөрдө көп жылдардан бери окутулуп, өзүнүн үзүрлүү жемишин берип келет. Кезинде интерактивдик методдордун пайдасы канча, аны окутуунун зарылдыгы барбы, балдарды бузуп албайбызбы, батышты тууроо керекпи деген өңдүү көптөгөн суроолор туулбай койгон жок. Албетте, булардын дагы билим берүүдө оң, терс жактары болду. Терсинен оңу басымдуулук кылганы үчүн бул метод сабак өтүүдө, окуу куралдарын чыгарууда өзүнүн алгылыктуу жактарын айгинеледи. Интерактивдүү методдор боюнча адабияттар өтө жетишсиз, аз санда болгондуктан, бул методдор жөнүндө түшүнүгү жок, маалыматы жетишсиз мугалимдерибиз али да кездешет. Интерактивдүү термини латын тилинен которгондо интер (inter) - аралыгы, ортосу, актив (activis) - аракеттүүлүк, жигердүүлүк дегенди түшүндүрөт. Интерактивдик методдор - окутуучу менен окуучунун же студенттин гана эмес окуучу же студент менен окуучунун же студенттин, окуучу же студент менен окуучулардын же студенттердин ортосундагы жагымдуу, бирин-бири түшүнүү, сыйлоо, акылдашуу аркылуу жигердүү аракеттенишүүсү. Аталган усулдар салттуу окутуу менен айкалышып, окуу процессинде сабактагы билим берүү, өнүктүрүү, тарбиялык сыяктуу максат, милдеттерди биргелешкен аракетте иш жүзүнө ашырат. Интерактивдүү сабактар салттуу сабактардан мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ар бир иште уюштуруу маселеси чоң роль ойногон сыяктуу эле сабакты уюштура билүү дагы олуттуу мааниге ээ.

Уюшутуруунун жагдайлары: – студенттердин аудиторияда отурушун ыңгайлаштыруу;

- студенттердин санын билим деңгээлдерине жараша топторго бөлүштүрүү;
- суроолор өтүлүүчү теманын алкагында эркин, проблемалуу болушу шарт.

Интерактивдүү ыкма менен окутуу – бул окуу процессинде өз ара байланышта болуу жана түгөйлөрдүн же чакан топтордун өз ара аракеттениши жана кызматташтыгы болуп эсептелет. Демек, интерактивдүү ыкмалар – бул окутуучу менен студенттин жана алардын студенттер менен болгон байланыштары болуп эсептелет. Интерактивдүү окутуунун башкы өзгөчөлүгү, балдарды окутуу чакан топтордо биргелешип

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



аракеттенүү аркылуу жүргүзүлгөндүгүндө. Биргелешкен иш-аракеттер бир студенттин жалпы ишке кызыгуусун жаратат жана тырышып аракеттенүүнү, ойлонууну, чыгармачылык активдүүлүктү талап кылат. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө карап көрсөк, интерактивдүү ыкма менен окутууда окуучулардын билим сапаты да бир кыйла жогорулагандыгын байкайбыз – дискуссияда – 50% – практикалык иште – 70% – бири-бирин окутууда – 90% жогорулайт. Интерактивдүү усулдарды пайдалануу, студенттердин туруктуу активдүүлүгүн камсыз кылат. Ошондой эле алдыга коюлган максатка жетүү үчүн студенттер өз ара кызматташууга өтүшөт. Психологдордун изилдөөлөрү көрсөткөндөй команданын же топтун ички иш-аракеттери,алардын мүчөлөрүнүн бири-биринен үйрөнүүсүнө шарт түзөт. Топто иштөө жана жалпы ишмердикке өз салымын кошуу билгичтиктери, студенттердин демократиялык, лидерлик көндүмдөрүн өнүктүрөт. Аткарып жаткан иштери үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө ала билүүгө үйрөтөт. Студенттердин предметти өздөштүрүп түшүнүүсүн жакшыртат. Теориялык билимден практикага өтүүсүн жеңилдетет.

***Окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдаланууда:***

- студенттердин таанып-билүү жөндөмүн арттырат;
- студенттердин активдүүлүгү артат;
- студенттер өз ара жана окутуучу менен тыгыз кызматташтыкта, пикир алмашуу жүрөт;
- ар бир студент өз билимин, шыгын, жөндөмүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлук алат;
- студенттердин сынчыл ой-жүгүртүүсү калыптанат;
- түгөйлөрү менен же чакан топтордо иштешет;
- окутуучу фасилитатор, насаатчы катары студенттерге багыт берип турат;
- проблеманы көрө билишет жана аны чечүүнүн жолдорун издешет;
- тапшырманы аткаруу учурунда студенттер өздөрүнө башкалардын иш-тажрыйбаларын пайдаланышат;
- топтордо иштөөдө студенттер өздөрүн эркин сезишет;
- туура эмес жооп берип алам деген коркунуч болбойт.
- студенттер маалымат эле албастан, жаңы идеяларды дагы иштеп чыгышат жана аны башка варианттардан жакшы экендигин логикалуу түрдө түшүндүрө алышат.
- өз ара мамиледе толеранттуулукту көрсөтүшөт.
- бири-бирин угуу, сыйлоо сапаттарына ээ болушат.

Интерактивдүү методдор бул студенттер ортосунда, ошондой эле студенттер менен окутуучулар ортосунда өз ара аракеттешүүнү талап кылган методдор. Сабак берүүнүн интерактивдүү методдору билим алуучунун зор активдүүлүгүн, анын алынган маалыматтарды өзүнүн ой элегинен кайра чыгармачыл түрдө өткөрүп чыгуусун эске алат. Окутуунун интерактивдүү моделинин негизги критерийлери: формалдуу эмес талкуунун мүмкүндүгү, материалды эркин баяндоо, семинарлардын көптүгү, лекциялардын аздыгы, студенттин демилгеси, коллективдүү аракеттерди талап кылган топтук тапшырмалардын болушу, жазуу жүзүндөгү иштерди аткаруу.

Билим берүү тармагы тездик менен өнүгүп жатат, иш боюнча зарыл учурда өзү менен мажбурланат. Илим окутуу методдору XX кылымдын 60-жылдарында үчүн окутуу жараянына киргизилет баштады. 2 типке заманбап ыкмаларды бөлүнөт: тууроо (үлгү - жасалма үлгүсүн шарттарды түзүүгө багытталган) жана neimitatsionnye.

Жалал окутуу методдору:

- ролдук оюндар;
- дидактикалык оюндар (физикалык, психологиялык, акыл-эс);
- илимий техникалык долбоорлорду ишке ашырууга;
- бизнес-оюндар (сыпаттары менен кесип салып оюн материалдар).

Neimitatsionnye окутуу методдору:

- өлчөмдүү Бүтүн ыкмасы (түркүмдөрүнүн талдоо көйгөйлөрү, жетишпеген заттар издөө);
- ыкмасы боюнча өзөктүү маселелер;
- машыктыруу;
- консалтинг;
- тематикалык талкуулар.

Билим берүү – студенттер материалдарды үйрөнүүгө, жана абдан кантип аныктоо үчүн көзөмөлгө алышыбыз керек болгон жараян. билим алуу жетишсиз болсо, анда мугалимдер ыкмаларын жана окутуу жолдорун талдоо жана каралат.

Окууга контролдоо боюнча бир нече түрлөрү бар:

1. алдын ала текшерүү - окуу жылынын башында жасап, изилдөө өткөн жыл бекемдөө, студенттердин даярдыгынын жалпы абалын баалоо үчүн.
2. учурдагы башкаруу - өтүлгөн материалды, билиминин айырмачылыктарын аныктоо текшерүүдө.
3. темасын башкаруу - аралап тема же бөлүм текшерилиши үчүн, зым сыноолорго, тесттер.
4. өзүн-өзү башкаруу - ыкмасы бирдей кабыл алуу үлгүлөрүн менен иштөө, проблемаларды жооп берүү – туура жооп алып келет бир чечүү жолун табуу үчүн студенттин ой-ниети.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Билим берүүнүн максаты – балдарды эртеңки жашоого, турмушта өз ордун таба алууга даярдоо болуш керек. Биздин системабызда окуу программаларында ар бир сабактын максаты кыскача белгиленгени жана мугалимдерибизге сабактын максатын белгилеп туруп окутуу үйрөтүлгөнү менен системанын жалпы максаты, алардын тарбиялоо, окутуу, үйрөтүү боюнча тактыгы белгисиз. Мисалы, «мекенди сүйүүгө тарбиялоо» деп жазылганы менен окуучуларда жана студенттерде бул сезимди кандайча калыптандыраарыбыз белгисиз. Максаттардын жалпы адамзатына тиешелүү баалуулуктар, патриоттук сезимдер, изденүү жөндөмдүүлүгү, максат коё билүү, башкаларга, башка элдерге, этносторго, дин өкүлдөрүнө сый мамиле кылуу, жекече адептик - ахлактык, жоопкерчилик алуу сезимдерин өстүрүү, үй бүлөлүк жоопкерчилик жана баалуулук сезими, мекендештик, атуулдук сезимдеринин калыптандырылышы, ишинде ийгиликке жетүүнү максат коюуну үйрөтүү боюнча такталып жазылуусу манилүү.

Андай болбогон абалда, тилекке каршы, башкалардын оозун карап турган, өз алдынча ойлоно албаган, ойлонуу жөндөмүн өстүрө албаган, өзүнө ишеничи абдан төмөн, жетишсиздик комплекси менен чоңойгон, ал үчүн ар дайым башкалардын анын проблемасын чечип берүүсүн, жардамын күткөн, жардам болбой калса башын ийип тагдырына таарынган же проблеманы чечүү жолдорун издебей, биле албай кыйналган мекендештерди көрүү, же башкалардын үгүттөөсү менен эмне иш кылып жатканына көңүл бурбай, аны эмне үчүн кылып жатканына маани бербей айдалып кете берген атуулдарды көрүү турган иш.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Б., 2001.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Б., 1986.
3. Алымов Б. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. - Ф.: Мектеп, 1984.
4. Асипова Н. Билим берүү философиясы. - Б., 2010.
5. Афанасьева А.Б. Этнокультурное образование. - Санкт Петербург: Академический вестник Института образования взрослых Российской академии образования (интернет сайттагы материалдар).
6. Байгазиев С. Улуу «Манас» – улутубуздун дил жана тил бешиги. - Б., 1995.
7. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, 2015.
8. Мамбетакунова Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Б., 2008.
9. Нематджанова Г.А., Бакирова Э.У. Некоторые виды стратегий для эффективного обучения иностранного языка. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 6. С. 239-240.
10. Белекбаева Э.Т., Анарбаева Д.М. Речь о наследии великого мыслителя. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 11. С. 191-194.